• *Пикир*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКИНЧИ БОРБОРУ

## ОШ ЖАНА "ХОШ"

Оштун 3000 жылдык маарекесине карата көптөгөн окумуштуулар оюн айтышып, анын аталышын, тарыхын такташып, улуттук программа (концепция) түзүшүп, белгилүү деңгээлде Ошко салым кошкондору менен өзөк маселеге келгенде дале чабалдыкка жол беришүүдө жана XXI кылымдын босогосунда туруп, XV-XVI кылымдардын деңгээлинде ой жүгүртүшүүдө. Алардын пикирлери боюнча "Ош" деген сөз "хош" деген, же "оош" (бир тарапка ооган) деген сөздөн келип чыгыптыр. Баба дыйкан өгүзгө кош чегип жер айдап келе жатып, таң атып кеткенде өгүзүн "хош" деп токтотуптур. Ошондон улам, ал жер "Ош" деп калыптыр. Эгерде "Ош" деген сөз менен байланышкан топонимдерди эске алсак, анда Ош шаары Францияда, Ош кыштагы Карпатта, Ош дарыясы Батыш Сибирде. Ошава шаары Канадада, Ошен аралы Тынч океанда, Ошмян шаары Белоруссияда бар, ж.б. 15тен ашык топонимдер жер жүзүнөн кездешет. Ал эми "хош" деген түрк тилинде кайрылуу иретинде колдонула турган сөз. Мисалы, хош (кош) келибсиз, хош (кош), эмне айтасыз? Ал эми малын кыргыздар "ош", өзбектер "уш", түрктөр "го-го" деп айдашат. Эч качан өгүзгө "хош" деп кайрылбайт. Ал эми баба дыйкан жогоруда аталган жерлерге барганда гана "хош" деп, калган жерлерде унчукпай кете бергенби? Ал өгүзүн дайыма "хош" деп айдай берсе, анда Ош деген топонимге сан жетпей калмак экен. Демек, "хош" менен Оштун ортосунда эч кандай байланыш жок. Себеби Ошко байланышкан топонимдер түрдүү аймактардан орун алган жана аларда жашаган калк түрдүү тилде сүйлөшөт, өгүздү түрдүүчө айдашат.

Ош жөнүндө маалымат "Сади Искандарий" тарыхында (1484-ж) Мавранахр өрөөнүндөгү он шаарды Самаркандек, Хокан, Тираз, Хорезм, Кеш (Шахрисабз), Пахшаб (Карши), Фархор, Мехону Мавр (Мевр), Кожонши (Ходжени, Кирскейа) бири катары төмөнкүчө эскертилет:

*"Чекиб раьияты мехри ишрокни,*
*Ерук айлобон дешти Кифчокни.*
*Алар енида Мавранахр (Фергана) эли,*
*Тог астында Ош шахр эли.*

Ал эми Низаминин "Искандарнамасында" (1211-ж) жана Жаминин "Хироднамаи Искандарий" (1484-ж) аттуу китептеринде Ош жөнүндө маалымат төмөнкүчө айтылат. "Ки Ошка гар жүз жафо килмади, Искандарга даги вафо килмади". Демек, Ош шаары Зулкарнайн эрасынан мурда курулганы анык. Ал эми Кыдыралы манасчынын вариантында Ош шаарын Манас өзүн багып чоңойткон атасы Ошпурдун урматына курдурат. Ал төмөнкүчө айтылат:

*Батыш жагы бийик тоо,*
*Чыгыш жагы терең коо.*
*Ойротто жок касаба,*
*Ошпур курчув бул калаа,*
*Өз атына Ош болсун.*

Ошондуктан, Ош шаары Ошпирим (Ошпурум) деп да аталат.

## СУЛАЙМАН ТООСУ ЖАНА "ТАХТ-И-СУЛЕЙМАН"

Ош шаары жөнүндөгү материалдардын көпчүлүгүндө Сулайман тоосу "Тахт-и-Сулайман" деп берилет. 21 кылымдын босогосунда, илимдин өнүккөн мезгилинде туруп, мындан беш-алты кылым башта жазылган сөздү оң келди пайдалана берсек, кыргыз тарыхы кантип чыныгы жүзүн ача алат? Биздин окумуштууларыбыз "тахт" деген сөздү "падышанын отурган тагы" деген мааниде колдонуп, "и" деген байламтаны кошо жазып жүргөндүгү өтө эле өкүнүчтүү. "Тахт" деген сөз түрк тилинде "тоо" дегенди билгизип, айтканда "так" деп, жазганда "даг" деп берилет. Мисалы, Бабадаг, Карадаг, Аладаг, Боздаг, Копендаг ж.б. Ал эми "и" бул фарс тилиндеги байламта болуп, көбүнчө сызыкчасы жок эле жазылат. Мисалы, "Тарых и Кашгар" (байламта менен "кашгар тарыхы", байламтасыз "Кашгар тарых"), "Михман-наме и Бухара" (байламта менен "Бухаралык меймандын айткандары", байламтасыз "Бухаралык мейман айткан"), "Тахт и Сулайман" (байламта менен "Сулайман тоосу", байламтасыз "Сулайман тоо"), "Суроди ал-ард" (байламта менен "Жердин сүрөтү", байламтасыз "Жер сүрөтү" ж.б. Сулайман пайгамбар жана Сулаймандын тоосу.

Сулайман (Соломон, Солон) тарыхта Израилдин-иудейлердин падышасы (б.э.ч. 965-928 ж.ж.), Дөөт пайгамбардын баласы, Платондун түп таякеси, Библия боюнча айрым китептердин автору. Анын "Ырлардын ыры" деген китеби ушул күнгө чейин жеткен. Ал алтымыш бир жыл жашап, отуз эки жыл падышалык кылып, 27 уулдуу, 43 кыздуу болуп, 4 ай 7 күн ооруп, Персиянын Кирмон аймагындагы тоонун үстүндө таягын таянган абалда ааламдан өтөт (Байт ул-Мукаддас Сифати, 54-б). "Пайгамбарлар тарыхы" (Киссаи ал-анбис) китебинин "Сулайман ибн Довуд Алахис-Салам киссаси" бөлүмүндө анын Дөөттөн кийин падыша болгондугу төмөндөгүчө баяндалат:

Довуд угли ул Сулайман
Тенризмдин совчиси,
Ел улоглиг Шох эдию хам учар
куш элчиси.
Узи "ньмал абду" атанди яловач
хам малик.

→ 8-бет

• *Суроо-жооп*

# ӨНҮГҮҮ ҮЧҮН АЗЫК-ТҮЛҮК ПРОГРАММАСЫ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Өнүгүү үчүн азык-түлүк программасы, анын максаты, ал боюнча кандай иштер жүрүп жаткандыгын билүү үчүн Эй-Си-Ди-Ай компаниясынын (айыл чарба кооперациясын эл аралык өнүктүрүү) кызматкери, сатуу боюнча иштердин эксперти Аскат Жолдошевге кайрылдык.

- Өнүгүү үчүн азык-түлүк программасынын максаты эмне?

- Кыргызстандын жана АКШнын өкмөттөр аралык макулдашуусу аркылуу АКШнын айыл чарба министрлиги Эй-Си-Ди-Ай компаниясына Кыргызстандагы "Өнүгүү үчүн азык-түлүк" программасы үчүн американын 6000 тонна буудайын берген. Бул программа үчүн арналган буудай ушул жылдын январында Кара-Сууга келди жана ал дан, же ун түрүндө Ош шаарында коомчулуктун катышуусу менен сатылат. Ал эми Эй-Си-Ди-Ай мына ошол программаны башкаруу милдети тапшырылган америкалык компания болуп эсептелет. Бул уюм өкмөттүк эмес. Пайда таба турган эмес уюм, анын мүчөлөрү - америкалык агрардык, финансылык ири институттар жана айыл чарба продукцияларын өндүрүүчүлөр. Быйылкы жылы бул уюмдун 40тан ашык өнүгүп жаткан жана демократия пайда болгон өлкөлөрдөгү айыл чарба ишканаларын кооперативдерди, жеке менчик ишканаларды, фермердик кредиттик системаларды жана айыл чарба ассоциацияларын өнүктүрүү үчүн техникалык жардамды көрсөткөнүнө жана окутууларды уюштурганына 35 жыл толот.

"Өнүгүү үчүн азык-түлүк" программасынын максаты-ачык, акыйкат соода-сатыктар аркылуу Ош облусунун жеке менчик секторунда ун базарын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү жана мындан ары карай түшкөн каражаттарды Ош облусунда Фермердик кредиттик Ассоциацияны ФКА түзүү үчүн пайдалануу. Аукционго бардык каалоочулар катыша алышат. Аукциондун негизги эрежелери жана аны өткөрүүнүн тартиби менен тааныштыруу максатында Эй-Си-Ди-Ай жаңы сатып алуучулар үчүн семинарларды өткөргөн.

Биринчи аукцион 25-февралда Ошто өткөрүлдү. Анда келген бардык сатып алуучуларга аукциондун максаты жана кандай өтө тургандыгы жакшылап түшүндүрүлдү. Анын негизги принциптери: салыштырмалуу түрдө ким жогорку бааны сунуш кылган алармандарга сатуу, аукциондо белгиленген баа боюнча сатуу, товардын нактыгына жараша сураган алармaнга товарды сатуу. Оштун тарыхында унду сатуу боюнча бул алгачкы аукцион болуп калды. Мындай иштер Европада жана Түндүк Америкада ийгиликтүү өткөрүлүп жатат. Мунун өзү суроо-талапка жана сунуштарга негизделген баалардын рыноктук механизмин колдойт жана дан базарында монополиялардын түзүлүшүнө жол бербейт. Биринчи аукциондо килограмм үчүн максималдуу аукциондук баа 4,13 сомго жетти, ал эми минималдуу баа 4.09 сомду түздү.

- Азыркы учурда кампаниянын кызматкерлери эмне иш аткарышууда?

- Азыр алар АКШдан атайын келген консультант, мырза Нэд Пенделотондун жардамы менен ачык аукциондорду өткөрүүнүн тартибин иштеп чыгышты, лоттордун (сатыкка коюла турган товардын үлүшү) жагымдуу өлчөмдөрү белгиленген. Аукциондорго чейин бир нече күн калганда массалык маалымдоо каражаттарында реклама жарыяланат. Эгерде, келечекте фермердик Кредиттик Ассоциация түзүлүп калса, анда ал Кыргызстанда башка жер институттарын түзүүнүн үлгүсү болуп кызмат кылат. Толук маалымат алуу үчүн Эй-Си-Ди-Ай компаниясына Оштогу 2-73-24, Кара-Суудагы 2-16-72 телефондору аркылуу кайрылууга болот.

**Ж.МАКИЕВ**



**БЫЙЫЛКЫ ЖАЗДЫН БАЙЧЕЧЕКЕЙИ**

1-бет →

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКИНЧИ БОРБОРУ

"Яловач" деген сөз кудайдын элчиси, пайгамбар, падыша деген маанини берет. Ошондой эле маанини "Машнах" деген сөз да билгизет. Мисалы, Ыйса деген ат грекче Йешуа (же Йишуа), которгондо "куткаруучу - Йогова же куткаруучу - Теңир" дегенди билгизет. "Христос" деген наам грекчеден, анын мааниси "Мессия" (Ивритче "Машиах" дегенди же сөзмө сөз которгондо "Падыша" дегенди билдирет (Дан. 9:26). Демек, Сулайман жер жүзүнө белгилүү падыша - кудайдын элчиси, Пайгамбар болгон. Сулайман падышанын Кирмон тоосунда өлүшүн айрым адамдар Сулайман тоосунун үстүндө Папан дангисин дөөлөргө каздырып жатып өлгөн деп айтып жана жазып жүрүшөт. Ал эми жактагы капталында "Ажыдаар үңкүрдүн" жайгашкандыгын билебиз.

Түштүк кыпчак кыргыз ордосуна төмөнкү майда хандыктар баш ийип тургандыгы эпосто ачык сүрөттөлөт: Бадахшан-Балык хандыгы (ханы Мамыт -Султан), Көмөк хандыгы (ханы Багыш), Анжиян хандыгы (ханы Санжыбек), Катаган хандыгы (ханы Кошой), Ташкен хандыгы (ханы Көктай), Алай хандыгы (ханы Төштүк), Сарыкол хандыгы (ханы Акбалта), Лоп хандыгы (ханы Сайкал). Ошол эле мезгилде түндүк кыргыз - кыпчак ордосу болуп, ал Таласта эмес, Төрткүлдө жайгашкан. Эпосто ордо төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Бишкек болушуна ченебегендей аракет кылышты. Натыйжада Бишкекте окуу жайлары, мекемелер, өнөр жай топтолуп, улуттук кадрлардын уюткусу түзүлдү, ордо калаа илимий-маданий борборго айланды. Ал эми Ош четки калаа катары калды да, калктын басымдуу бөлүгү Өзбекстан менен байланышы болуп, шаарды улуттук интеллигенциянын, жумушчу кадрлардын, шаарда жашаган кыргыз улутунун таасири сезилээрлик деңгээлге жеткен жок.

## ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖАНА ОШ КЕЛЕЧЕГИ

Эгемендүүлүктүн таасири жана президенттин аймактык саясаты Түштүк жергесинде көптөгөн окуу жайларынын ачылышына, улуттук кадрдын өсүшүнө, илимий чөйрөнүн кеңейишине өбөлгө түздү. Республиканын жалпы аянтынын 67,2 миң чарчы километрин, калкынын жарымынан ашыгын түзгөн түштүк аймагы азыркы күндө демографиялык жактан

тоосунун үстүндө Папан дангисин дөөлөргө каздырып жатып өлгөн деп айтып жана жазып жүрүшөт. Ал эми Сулайман падышанын биздин аймакка келгендиги жөнүндө байыркы тарыхтарда, "Сулайман киссасинда" айтылбайт. Бирок Зулкарнайнды орто Азия чөлкөмүнө чейин коштоп, согуштук-стратегиялык кеңеш берип жүргөн Филотун, Арусту жана башка окумуштуулар жөнүндө "Сади Искандарий" тарыхында төмөнкүчө жазылат:

*Филотуну (Платон), Сухрат (Сократ) улуб бир тараф,*
*Арустуу (Аристотель), Бухрот (Гипократ) улуб бир тараф.*
*Алар Сори, Хурмус, Балинос хам,*
*Бу ен Аршимидус тутуб пос хам (327-б).*

Эгерде Зулкарнайндын согушуп басып алган жерлерин географиялык жактан талдасак, анда Сулаймандын (Соломондун) аты менен көп жерлердин аталганын билебиз. Мисалы, Сулейман тоолору Пакистанды, Сулейман өрөөнү Түркияда, Сулайман тоо Ошто, Соломон аралдары Тынч океанда жайгашкан. Ошондой эле Платондун өзүнүн аты менен Түштүктүн кооз жери Афлатун (Филотун) аталган. Демек, биздин чөлкөмгө Сулаймандын өзү келген эмес, анын ысмын тоого жээни Платон коюп кеткендиги толук ыктымалдуулук.

## МАНАС ДООРУ ЖАНА КЫРГЫЗ ОРДОЛОРУ

"Манас" эпосунун бардык варианттарына Алооке кыргыздарды чапканда хан ордосу Анжиян чөлкөмүндө (Фергана өрөөнү, Алтын өрөөн, Улуу өрөөн, Анжыян деп аталган) болуп, Ороздунун он баласы туш келди айдалат.

Орозду чоң ордо ханы болуп, ага майда хандыктар баш ийген. Чоң ордонун жайгашкан жери эпосто төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

*Улуу Анжыян учунда,*
*Марғаландын башында.*
*Арбанатты (Катран) тоосунун,*
*Учу кирген тушунда*
*Алоокенин ордосу (С.О. варианты).*

Бул ыр сабын Алоокенин ажайыпканасынан бошонгон ажыдаардын
Сох тоосуна кетиши толуктап турат:

*Сойлогон жери коо болду,*
*Барганы Сохтун тоо болду.*
*Ажыдаар сокту деп,*
*Сох атагы шоо болду (С.О.варианты).*

Эгерде эпостогу жер-суу аттарын талдасак. Анда чоң ордо Кадамжай районунун Кан чөлкөмүнөн орун алгандыгын, андан Арбанатты тоосунун Сох өрөөнү ордосу болуп, ал Таласта эмес, Төрткүлдө жайгашкан. Эпосто ордо төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Төрткүлүн төрт кат уруптур,
Төрөң Манас туруптур (С.О. варианты).

Ошол Төрткүлдөгү ордого бүтүндөй Кыргыз мамлекети жана анын өзүнө тиешелүү хандыктар баш ийип турган. Ал хандыктар төмөнкүлөр: Орто Чаткал хандыгы (ханы Музбурчик), Чаткал хандыгы (ханы Миңжашар), Кожокент хандыгы (ханы Аргындын Каракожосу), Кемен хандыгы (ханы Үрбү), Казак хандыгы (ханы Айдаркен, Көнчө), Чыгыш Кыргыз-Уйгур хандыгы (ханы Кутубий). Акыркы хандын Шынжандыгы Айдыңкөлдүн (Манас шаарынан алыс эмес) чөлкөмүндө жайгашкан.

Алтайдан кыргыз көчү Азирети тоого кайра аттанганда Манас, Жакып баштаган көч Анжиян чөлкөмүнө карай көчүп, Отуз-Адырга келип түшөт. Себеби, Манас "Ата Журтум Анжыян, мен аны Алоокеден бошотушум керек" деп максат коет. Ошол Анжиян чөлкөмүнүн ыңгайлуу жери болгон Ак-Буура дарыясынын боюна Ош калаасын курдуртат.

Ош шаары түптөлгөндөн бери ордо шаар болгондуктан, азыр да ордолуу Ош деп айтылат. Байыркы мезгилден бери ордо калаа болуп келген Ош тарыхта Кокон, Ташкен, Самарканд, Багдад, Мекке жана башка шаарлар менен бир катарда айтылып келет. Оштун Анжыян чөлкөмүндөгү соода-сатык жана саясий борбор болуп келгендигин "Китаб масалик ал-мамаликтен" (920-ж), "Худуд ал-ааламдан" (982-83жж), "Жахан-намеден" (1208-09-жж), "Китаб ал Камил фи-т-тарихтан" (1233-34 жж) жана башка 10 кылымдан берки эмгектерден кеңири кездештиребиз.

## СОВЕТ БИЙЛИГИ ЖАНА ОШ АЙМАГЫ

Орусиянын Орто Азияга келиши менен башка аймактар сыяктуу эле Ош аймагында да чоң саясий өзгөрүүлөр жүрүп, Оштун куттары катары таанылган Курманжан датка, Алымбек датка, Чыпак казы, Алымкул аталык, Нүзүп, Жаныбек, Ысак (Исхак), Шермат жана башка көптөгөн инсандар жок болду. Ошол эле мезгилде Ош шаарындагы медреселер, тарыхый эстеликтер кыйратылып, белгилүү инсан Жамшидбектин китепканасындагы китептер өрттөлдү. Алгачкы жолу акча чыгарып, Кашгар чөлкөмүндө анын акчасы колдонуп турган мезгилде тыңчылар аркылуу Кытай жеринде жашап жаткан Оштун кулуну Чыпак казы жалгыз баласы менен өлтүрүлүп, анын жасаган иш-аракети жокко чыгарылды. Бирок Ош аймагынан тарыхый аренага жаңы инсандар Ю.Алиев, Б.Султанов, А. Орозбеков, С.Касымбеков, Т.Кулатов, И.Раззаков жана башкалар чыгышты. Республиканын калыптануу учурунда Оштун борбор болуу мүмкүнчүлүгүнө карабастан ордо калаа километрин, калкынын жарымынан ашыгын түзгөн түштүк аймагы азыркы күндө демографиялык жактан ылдам өсүшүнө байланыштуу жумушсуздуктун аймагына айланууда. Жол катнашынын кыйындыгы, азыркы экономикалык кырдаал түндүк менен түштүктүн ортосундагы карым-катнаш маселесине катуу таасирин тийгизүүдө. Натыйжада 1980-90-жылдарга салыштырганда кудалашуу, дос-жарлардын катышы дээрлик токтогонсуп калды. Көптөгөн адистер, жумушчулар өз аймактарына кетип жаткандыктан түндүк-түштүк ажырымдуулугу күчөп бара жаткандай сезилет. Улуттун биримдигин түзүүдө, аймактык бөлүнүүлөрдү токтотууда байыртан бери кыз алып, кыз беришүү чоң ролду ойноп келген. Ал эми бул маселе азыркы күндө дээрлик жокко эсе. Окуу жайларынын көптүгү улуттун биримдик саясатын толук чече албай, анын чордондуу маселеси түрдүү аймактын элинин туугандашышы болуп саналат. Азыркы күндө түштүк аймактарда өзбек улуту менен туугандашуу басымдуулук кылат. Ошондуктан эки элдин жалпы тилдик, диндик, үрп-адаттык, салттык окшоштуктары өтө эле жогору. Улуттук биримдик саясатын чечүүдө азыркы экономикалык өнүгүү кырдаалын эске алып, мыйзам чыгаруучу палата, айрым министрликтер Ошко которулса максатка ылайык болмок. Себеби, мыйзам чыгаруучу палатанын Бишкекте болушу шарт эмес. Мындай экинчи ордо калаа Америкада (Вашингтон, Нью-Йорк), Кытайда (Пекин, Шанхай), Орусияда (Москва, Санкт-Петербург), Казакстанда (Алматы, Акмоло), Түркияда (Анкара, Стамбул) жана башка өлкөлөрдө кездешет.

Оштун экинчи ордо калаага төп келе турган жагдайлары төмөнкүлөр: географиялык жайгашы боюнча чоң ордонун алыстыгы, жол катнашынын татаалдыгы, бир нече Борбордук Азия өлкөлөрү менен (Кытай, Тажикистан, Өзбекстан) чектештиги, Кара-Корум шоссеси аркылуу Индия, Пакистан өлкөлөрүнө жана деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү, эң чоң экономикалык потенциалы жана жумушчу күчүнүн молдугу, Азия өлкөлөрү менен соода-сатык жүргүзүүдө ыңгайлуу борбордук абалы, негизги сырье болгон пахтанын, тамекинин, жашылча-жемиштин арбын болушу, электр энергиясынын өзөгүнүн орун алышы, туристтик обьектилердин көптүгү жана башкалар. Жогорку жагдайларды эске алып, шаардын 3000 жылдык маарекесине карата ага экинчи ордо калаа статусу берилсе, байыркы ордолуу Ош өз баасын алмак жана улуттук биримдиктин күчөшүнө, түндүк-түштүк ажырымынын акырындык менен жок болушуна өбөлгө түзүлмөк. Мен президентибиз, өкмөтүбүз, парламентибиз жана кыргыз жарандары бул маселеге олуттуу карайт го деген ойдомун. Себеби Манас доорунда деле кыргызда эки ордо калаа болгону белгилүү.

Курманали МАТИКЕЕВ,
ОшМУнун профессору.